**УДК 510**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-148-158**

**Стамалиева К.А.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
**Чинтемирова А.Р.**
магистрант
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
skalymkan@mail.ru

# МАТЕМАТИКА САБАГЫНДА КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮЧҮЛҮК КЫЗЫГУУСУН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация:** бул илимий макалада кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусун өнүктүрүү ыкмалары каралган. Педагогикалык адабияттарды талдоо менен кызыгуу, таанып билүүчүлүк кызыгуу түшүнүктөрүн берүү менен окуучулардын окуу процессинде таанып билүүчүлүк кызыгууларын өнүктүрүү шарттары көрсөтүлгөн. Мисалы: ийгилик жагдайларын түзүү, окуу процессинде жагымдуу баарлашуу, окуунун эмоционалдык атмосферасын түзүү, ой жүгүртүү иш-аракеттерине колдоо көрсөтүү, чечим табууну, талдоону, ойлонууга, өзү түшүнүүгө мүмкүндүк берген таанып билүүчүлүк маселелер түзүмү, сабакты окуучулардын өнүгүүсүнүн оптималдуу деңгээлинде өткөрүү ж.б.

Таанып билүүгө болгон кызыгуунун төмөндөшүнүн ар кандай мугалимден, окуучулардан көз каранды болгон себептери да көрсөтүлгөн. Баланы окууга кызыктыруунун негизги жолу - мотивация түзүү экендигин белгилөө менен тышкы жана ички, ошондой эле оң жана терс мотивациялардын түшүнүгү берилген. Баштапгыч мектеп жашындагы балдардын өнүгүү процессинде таанып билүүчүлүк кызыгуунун ар кандай аткарган функциялары, таанып билүүчүлүк кызыкчылыктын өзгөчөлүктөрү, кенже окуучулардын таанып-билүү кызыгуусун калыптандыруунун негизги үч деңгээли көрсөтүлгөн. Кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусун өнүктүрүүнүн негизги ыкмалары негизделген. Мисалы, проблемалык окутуу, математика сабагында оюн технологиясын колдонуу, практикалык багыттуулугун күчөтүү, маалыматтык технологияларды (МКТ) колдонуу, ийгилик, эмоционалдык жана адеп-ахлактык кырдаалды түзүү ыкмасы, долбоор ыкмасы ж.б. Жыйынтыгында, кенже окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусунун калыптанышынын көрсөткүчтөрү каралган.

**Негизги сөздөр:** кызыгуу, таанып билүүчүлүк кызыгуу, деңгээлдери, шарттары, ийгилик жагдайларды түзүү, жагымдуу баарлашуу, окуунун эмоционалдык атмосферасы, ой жүгүртүү, таанып-билүүчүлүк маселелер түзүмү, оптималдуу деңгээл, проблемалык окутуу, оюн технологиясы, практикалык багыттуулук, маалыматтык технологиялар, эмоционалдык жана адеп-ахлактык кырдаал, долбоор ыкмасы.

**Стамалиева Калымкан Асаналиевна**
кандидат педагогических наук, доцент

Талаский государственный университет
г. Талас
**Чинтемирова А.Р.**
магистрант
Талаский государственный университет
г. Талас
skalymkan@mail.ru

## ОСОБЕННОСТИ РАЗВИТИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНОГО ИНТЕРЕСА МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ НА УРОКЕ МАТЕМАТИКИ

**Аннотация:** в этой научной статье рассматриваются методы развития познавательного интереса младших школьников. Анализируя педагогическую литературу, показаны условия развития познавательных интересов учащихся в процессе обучения с предоставлением понятий интерес, познавательный интерес. Например: создание ситуаций успеха, приятное общение в процессе обучения, создание эмоциональной атмосферы обучения, поддержка мыслительной деятельности, система познавательных задач, которая позволяет нам находить решения, анализировать, думать, понимать себя, проведение урока на оптимальном уровне развития учащихся и т. д. Также показаны разные причины снижения познавательного интереса, которые зависят от учителей, учеников. Было дано понятие как внешних, так и внутренних, а также положительных и отрицательных мотиваций, отметив, что основной способ заинтересовать ребенка к учению - создать мотивацию. В процессе развития детей младшего школьного возраста показаны различные функции познавательного интереса, особенности познавательного интереса, три основных уровня формирования познавательного интереса младших школьников. Обоснованы основные способы развития познавательного интереса младших школьников. Например, проблемное обучение, использование игровых технологий в математике, усиление практической направленности; использование информационных технологий (ИКТ), метод создания успешных, эмоциональных и моральных ситуаций, метод проекта и т.д. В итоге рассмотрены показатели формирования познавательного интереса младших школьников.

**Ключевые слова:** интерес, познавательный интерес, уровни, условия, создание ситуаций успеха, приятное общение, эмоциональная атмосфера обучения, мышление, система познавательных задач, оптимальный уровень, проблемное обучение, игровые технологии, практическая направленность, информационные технологии, эмоциональная и моральная ситуация, метод проекта.

**Stamalieva K.A.**
Candidate of Pedagogical Science, Associate Professor
Talas State University
**Centimirova A.R.**
master’s student
Talas State University
skalymkan@mail.ru

## FEATURES OF THE DEVELOPMENT OF COGNITIVE INTEREST OF YOUNGER STUDENTS IN A MATH LESSON

**Annotation:** this scientific article discusses the methods of developing the cognitive interest of younger schoolchildren. Analyzing the pedagogical literature, the conditions for the development of cognitive interests of students in the learning process are shown with the provision of the concepts of interest, cognitive interest. For example: creating situations of success; pleasant communication in the learning process; creating an emotional learning atmosphere; supporting mental activity; a system of cognitive tasks that allows us to find solutions, analyze, think, understand ourselves; conducting a lesson at an optimal level of student development, etc.

this scientific article discusses the methods of developing the cognitive interest of younger schoolchildren. Analyzing the pedagogical literature, the conditions for the development of cognitive interests of students in the learning process are shown with the provision of the concepts of interest, cognitive interest. For example: creating situations of success; pleasant communication in the learning process; creating an emotional learning atmosphere; supporting mental activity; a system of cognitive tasks that allows us to find solutions, analyze, think, understand ourselves; conducting a lesson at an optimal level of student development, etc. Various reasons for the decrease in cognitive interest are also shown, which depend on teachers and students. The concept of both external and internal, as well as positive and negative motivations was given, noting that the main way to interest a child in learning is to create motivation. In the process of development of primary school children, various functions of cognitive interest, features of cognitive interest, three main levels of formation of cognitive interest of younger schoolchildren are shown. The main ways of developing the cognitive interest of younger schoolchildren are substantiated. For example, problem-based learning, the use of game technologies in mathematics, the strengthening of practical orientation; the use of information technology (ICT); the method of creating successful, *emotional and moral* situations; the project method, etc. As a result, the indicators of the formation of cognitive interest of younger schoolchildren are considered.

**Keywords:** interest, cognitive interest, levels, conditions, creating success situations, pleasant communication, emotional learning atmosphere, thinking, cognitive task system, optimal level, problem-based learning, game technologies, practical orientation, information technology, emotional and moral situation, project method.

Башталгыч мектепте математикалык билим берүүнүн заманбап мазмуну негизинен кенже окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө, математикалык маданиятты жана өз алдынча ой жүгүртүүнү калыптандырууга багытталган. Демек, заманбап мугалимдин милдети ар бир окуучунун ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү болуп саналат. Бул милдет окуучунун таанып билүүчүлүк кызыгуусун өнүктүрмөйүнчө ишке ашпайт. Демек, кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусун өнүктүрүү - ийгиликтүү окуунун негизи болуп саналат. Азыр мектептерде кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусун калыптандыруу маселеси актуалдуу бойдон калууда.

Педагогдун негизги милдети - ар бир окуучунун билимге болгон кызыгуусун өнүктүрүү. Баштапкы мектеп окуучулары үчүн таанып билүүчүлүк кызыгуу - бул биринчи кезекте дүйнө жөнүндө жаңы билимди билүү болуп саналат. Окутуу материалдарынын мазмунун терең тандап алуу зарылдыгы окууга болгон кызыгуунун калыптандыруусунун жана өнүктүрүүнүн негизги бөлүгү болот. Ошондуктан, окуучулардын таанып - билүү ишмердүүлүгүнүн уюштуруусу окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

Таанып билүүчүлүк кызыкчылык окуу процессинин эң маанилүү факторлорунун бири катары каралат жана анын таасири окутуунун натыйжалуулугун камсыз кылат.

Ян Амос Каменский окуучунун эмгегин акыл - эс канааттануусунун жана кубанычынын булагы кылууга чакырган. Бул жерде таанып билүүчүлүк кызыгуу биринчи орунда турат.

Г.И.Щукинанын пикири боюнча, таанып билүүчүлүк кызыгууну стимулдаштыруунун эң маанилүү булактарынын бири болуп жаңы ачылыштар алдында таң калууну пайда кылган окуу материалынын мазмуну, илимди жана анын өкүлдөрүн урматтоо, илимдин турмуштук жана коомдук практика үчүн маанисин түшүнүү. Ошондуктан, таанып-билүүчүлүк кызыгуусун калыптандыруу себептеринин бири окуу материалынын кызыктуу болуусу зарыл [8].

Кызыгууну жаратуу үчүн А.Н. Леонтьев мотив түзүп, андан кийин окуучуларга максатты табуу мүмкүнчүлүгүн ачуу керек (тагыраак айтканда, изилденип жаткан материалдагы максаттардын тутуму) "Кызыктуу окуу предмети - бул тигил же бул түрткү берүүчү мотивге байланыштуу окуучулардын "Максат чөйрөсүнө" айланган окуу предмети" - деп бекеринен айтпаса керек [3].

Баланы окууга кызыктыруунун негизги жолу - мотивация түзүү. Бул тышкы жана ички, ошондой эле оң жана терс болушу мүмкүн.

**Тышкы мотивация:** сырттан келген жагдайлар менен байланыштуу, мисалы сыйлыктар же жазалар сыяктуу тышкы жагдайларга байланыштуу. Сырткы мотивация, өз кезегинде, оң болушу мүмкүн — эгерде бала чейректин жыйынтыгы боюнча жакшы баа алса. Мисалы, жакшы баалар үчүн сыйлык же ийгиликтүү окуу мүмкүнчүлүгү.

**Ички мотивация:** иштин өзүнө жана анын бала үчүн маанисине байланыштуу. Кенже окуучулар үчүн таанып - билүү ишмердүүлүктүн максаттары окуу ишмердүүлүктүн мотивдерине айланат.

Таанып билүүчүлүк мотивдер окутуунун мотивация топторунун бирин түзөт. Бул эң мүнөздүү топ, анткени ал билимге – окуунун предметине түздөн-түз мамилени билдирет. Психологдор жана педагогдор мектеп окуучуларын окууга үндөгөн үч негизги мотивди аныкташкан.

Биринчиден, темага кызыгуу. Кызыгуунун эң жогорку деңгээли - бул ашыктык. Ашыктык менен машыгуу күчтүү позитивдүү эмоцияларды жаратат, ал эми катыша албоо ажыратуу катары кабыл алынат.

Экинчиден, абийирдүүлүк. Бул тема боюнча сабактар кызыктуу эмес, бирок, катышуу үчүн өздөрүн мажбурлоо эрки менен алардын зарылдыгын жана күч-аракеттерди билишет.

Үчүнчүдөн, мажбурлоо. Көбүнчө мажбурлоо жазадан коркуу же сыйлыктын азгырыгы менен бекемделет. Ар кандай мажбурлоо чаралары көпчүлүк учурда оң натыйжаларды бербейт.

**Башталгыч мектеп жашындагы балдардын өнүгүү процессинде таанып билүүчүлүк кызыгуу ар кандай функцияларды аткарат:**

- баланы активдүү жана кызыктуу окутуунун каражаты катары иштейт;
- таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн интеллектуалдык жана узак мөөнөттүү жүрүшүнө олуттуу мотив катары;
- инсандын андан аркы окууга даярдыгын ийгиликтүү калыптандыруунун өбөлгөсү катары.

Таанып билүүчүлүк кызыкчылыктары окутууда окуучунун өз алдынчалыгынын, активдүүлүгүнүн негизинде жатат, алар бүтүндөй мектепке карата оң мамилени

калыптандырат. Ар кандай ыкмалар математика сабактарына кызыгууну өрчүтүүгө жана өнүктүрүүгө жардам берет. Балдар абдан кызыгышат жана алардын көбү мектепке окууга болгон каалоосу менен келишет. Бирок бул каалоо тез эле өчпөшү үчүн, алардын жөндөмдөрүн көрсөтүшү үчүн колдон келгендин бардыгын жасаш керек жана бул үчүн мугалимдин чебер жетекчилиги зарыл.

**Кызыкчылыктын туруктуулугу** - балдардын мектепте окууга болгон оң жана активдүү мамилесинин ачкычы, билимди толук өздөштүрүүнүн негизи.

Математика сабактарында таанып - билүү мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган атайын тапшырмалар жана тапшырмалар тутумун үзгүлтүксүз колдонуу кенже окуучулардын математикалык кругозорун кеңейтет, математикалык өнүгүүгө өбөлгө түзөт, математикалык даярдыктын сапатын жогорулатат, балдарга аларды курчап турган эң жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктөрдү ишенимдүү башкарууга жана күнүмдүк жашоодо математикалык билимди активдүү колдонууга мүмкүндүк берет.

**Таанып билүү кызыкчылыктын өзгөчөлүктөрү:**

- "Эң оболу, ал адамдын чындыктын объектилеринин жана кубулуштарынын сапаттары, касиеттери жөнүндө жаңы, белгисиз жана түшүнүксүз нерселерди билүүгө, алардын маңызын түшүнүүгө, алардын ортосундагы болгон мамилелерди жана байланыштарды табууга умтулуусунда чагылдырылат" (Г.И. Щукина ж. б.) [10].
- Таанып билүү кызыгуу ар кандай психикалык процесстерди активдештирет: кабылдоо, көңүл буруу, эс тутум, элестетүү. Бул, өз кезегинде, баланын курчап турган дүйнө жөнүндө билимдерди алуу, сактоо, пайдалануу ыкмаларында чагылдырылат" [2].
- Балдардын кругозору кеңейген сайын, анын таанып билүү кызыгуусу ошончолук өсөт, себеби анын пайда болуунун негизги шарты топтолгон тажрыйба менен жаңы алган билимдин ортосунда байланыш түзүүлүшү, тааныш өтүлгөн темалардан жаңы касиеттерди, байланыштарын, жактарын табуу болуп саналат.
  (Л.В. Занков ж.б.) [3].

**Г.И. Щукина бир нече жалпы педагогикалык шарттарды түзгөн:**

- билимдер түшүнүккө негизделиши керек;
- материалды эс тутумга жакшыраак бекитүү үчүн ыкмаларды жана каражаттарды туура колдонуу;
- таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк ар дайым акыл эс тутуму менен мүнөздөлөт;
- окуу процессинде окуучу изилдөөчү катары иш алып барат;
- өз алдынча иштерди колдонуу;
- чыгармачылык иш-аракеттерге үндөө;
- жаңы билим менен жигердүү иштөө жөндөмүн өнүктүрүү [9].

**Педагогикалык адабияттарды талдап чыгып, окуучулардын окуу процессинде таанып билүүчүлүк кызыгууларын өнүктүрүү шарттары төмөнкүлөр деп белгиледик:**

**1. Ийгилик жагдайларын түзүү:** математикалык маселелерди чечүүдө оң натыйжалар предметке болгон кызыгууну арттырат. Мугалим окуучулардын жетишкендигин сезиши үчүн алардын деңгээлине ылайыктуу маселелерди тандай алат. Жаңы белгисиз материал окуучулардын фантазиясын таң калтырат. Сюрприз - билимдин күчтүү стимулу. Окууга

болгон каалоону ойготуу үчүн окуучунун таанып-билүү иш-аракеттерине болгон муктаждыгын өнүктүрүү керек, демек, окуу процессинин өзү кызыкчылыктын оң заряддарын камтышы үчүн окуучуларды бул иштин жагымдуу жактарын түшүнүүгө алып келүү.

**2. Окуу процессинде жагымдуу баарлашуу.** Окуу процессинде жана тапшырмаларды аткарууда баарлашууда пайда болгон мамилелердин аркасында окуунун, окуучунун таанып билүүчүлук кызыгуусун жана инсандык өнүктүрүүнүн жагымдуу атмосферасы түзүлүшү мүмкүн.

3. **Окуунун эмоционалдык атмосферасын түзүү.** Окуучулардын таанып - билүүчүлүк иш-аракеттеринин жагымдуу эмоционалдык атмосферасын түзүү - таанып билүүчүлүк кызыкчылыкты өнүктүрүүнүн маанилүү шарты. Бул шарт окутуу функцияларынын бүтүндөй комплексин байланыштырат - билим берүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо жана кызыкчылыкка түздөн - түз жана ортомчу таасир этет [7].

4. **Баланын тапшырманы өз алдынча аткарышы.**

5. **Ой жүгүртүү иш-аракеттерине колдоо көрсөтүү.**

6. **Чечим табууну, талдоону, ойлонууга, өзү түшүнүүгө мүмкүндүк берген таанып билүүчүлүк маселелер түзүмү.**

7. **Сабакты окуучулардын өнүгүүсүнүн оптималдуу деңгээлинде өткөрүү** (бул шарт системалуу окутуунун эсебинен иштейт).

**Таанып - билүүгө болгон кызыгуунун төмөндөшүнүн ар кандай себептери бар:**

**Мугалимден көз каранды болгон себептер:**

- "окуучулардын ашыкча жүктөлүшүнө же аз жүктөлүшүнө" алып келген окуу материалынын мазмунун туура эмес тандоо [2];
- мугалимдин окутуунун заманбап методдорун жана алардын оптималдуу айкалышын билбегендиги;
- окуучулар менен мамиле түзө албагандыгы жана окуучулардын бири - бири менен өз ара аракеттенүүсүн уюштура албагандыгы;
- мугалимдин инсандык өзгөчөлүктөрү.

**Окуучудан көз каранды болгон себептер:**

- билим деңгээлинин төмөндүгү;
- окуу иш-аракеттеринин жана баарынан мурда өз алдынча билим алуу ыкмаларынын калыптанбагандыгы;
- класс менен мамиле түзүлбөгөндүгү (бул себептер мугалимдин ишмердүүлүгүнө байланыштуу);
- өнүгүүнүн кечеңдеши, аномалдык өнүгүү.

Таанып билүүчүлүк кызыгуу башталгыч мектеп жашында эле калыптанат, адеп-ахлактык таанып билүү умтулуулары өнүгөт. Бирок, бул процесс окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүү менен, окууда окуучулардын таанып-билүү иш-аракеттерин активдештирүү менен гана өнүгөт. Бул процесс автоматтык түрдө эмес.

Таанып билүүчүлүк кызыгуу - бул окутуунун мотивдеринин маанилүү компоненти. Советтик психолог Д. Б. Эльконин таанып билүүчүлүк кызыгуунун мотивацияны өздөштүрүлүүчү материалдын мазмуну менен байланыш катары белгилеген. Таанып билүүчүлүк кызыкчылык окуучунун инсанынын туруктуу өзгөчөлүгү болуп, окуучулардын ишин туура педагогикалык уюштуруу менен баланын өнүгүүсүнө таасирин тийгизиши керек.

**Кызыгуу –** таанып билүүчүлүк кызыгуунун баштапкы деңгээли. Ал адамдын көңүлүн бурган тышкы жагдайлар менен аныкталат. Бул деңгээлде билимге умтулуу жок, бирок ал баштапкы түрткү болушу мүмкүн. Кызыгуу - бул жаңы нерсени үйрөнүүгө умтулуу. Бул деңгээлдеги кызыгуу фрагменттүү, кырдаалдык, учурдагы тажрыйбалар менен байланышкан. Бул деңгээл бардык кызыктуу болгондуктан, башталгыч мектеп жашындагы үчүн мүнөздүү болуп саналат. Кызыгуу күчтүү эмоционалдык мүнөзгө ээ.

Кийинки деңгээл - бул таанып-билүү кызыгуусу. Бул окуучу өзү кызыктуу маалымат, аны талдоо издөө менен алектенген экендиги менен мүнөздөлөт. Чыгармачылык кызыкчылык деп окуучу өз алдынча, чыгармачыл, изденүүчүлүк иш-аракеттерди жасоого умтулган таанып билүүчүлүк кызыгуунун деңгээлин түшүнөбүз. Бул кызыгуу негизинен билимдин белгилүү бир тармагына байланыштуу [15].

Таанып билүүчүлүк кызыгуунун жогорку деңгээли - окуучулардын чындыктын кубулуштарын тереңирээк талдоого даярдыгы. Бул деңгээлде сүрөттөөлөргө кызыгуу дагы эле бар, бирок ал тереңирээк билим алуу каалоосу менен байланышкан издөө мүнөзүнө ээ. Активдүүлүк сырттан эмес, адамдын өзүнөн келип чыгат. Окуучу үчүн иш-аракеттердин өзү жагымдуу болуп калат. Кенже мектеп окуучусу иш-аракет субъектиси болуп калат. Андан кийин жогорку деңгээлге көтөрүлөт. Окуучу окуунун ар кандай мезгилдеринде таанып билүүчүлүк кызыгуунун деңгээлинин биринде болушу мүмкүн, төмөнкү деңгээлден жогорку деңгээлге өтүү абдан индивидуалдуу.

Г.И. Щукина таанып билүүчүлүк кызыкчылыктын өнүгүү деңгээли бири-бирин ырааттуу ээрчибейт деп жазат. Алар чогуу жашашат, бирок ар бир курактык топ ушул деңгээлдердин өз ара катышы менен мүнөздөлөт**.**

Ошентип, башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүү кызыгуусун калыптандыруу үчүн негизги педагогикалык шарттарды карап чыгып, **үч негизги деңгээлди айырмалоого болот:**

1**. баштапкы:** жаңы билимге ачык, дароо кызыгуу. Башталгыч деңгээл кызыктуу кубулуштардын түздөн-түз кызыгуу деп эсептешет, маалымат окутуу учурунда окуучу тарабынан алынган жаңы жагдайлар. Мындай кызыгуу ачык жана ачыктык менен мүнөздөлөт. Балдар көбүнчө күтүлбөгөн суроолорду беришет. Аларда кызыгуу ойгонот.

**2. орточо:** иш-аракет механизми, б. а. маанилүү касиеттерин, кубулуштарын изилдөөгө кызыгуу, Бул изденүүдө активдүүлүктү, үйрөнгөн билим базасы менен иштөөнү талап кылат. Кенже окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусунун орточо деңгээли тереңирээк ички маңызын түзгөн жана көбүнчө көрүнбөгөн кубулуштарды билүүгө болгон кызыгууну аныктайт. Мындай деңгээл божомолдоону, издөөнү, жасалма ыкмалар менен иш-аракеттер, билгичтиктер жана көндүмдөр, белгилүү бир билим запасы менен жигердүү иштөөнү талап кылат.


**3. жогорку:** изилдөө, б .а. себеп-натыйжа байланыштарына, мыйзам ченемдүүлүктөрүнө кызыгуу. Таанып билүүчүлүк кызыкчылыктын жогорку деңгээли кенже мектеп жашындагы окуучулардын ар кандай шарттарда колдонулуучу жалпы принциптерди аныктоого, тигил же бул мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого, себептик-натыйжалык байланыштарды түзүүгө кызыгуусун жаратат. Белгиленген деңгээл изилдөөчүлүк чыгармачылык иштин элементтери менен түздөн-түз өз ара байланышкан, аракеттин өздөштүрүлгөн жана алынган ыкмаларын бир эле мезгилде өркүндөтүү менен коштолот [2].

**Таанып-билүүчүлүк кызыкчылыкты өнүктүрүүнүн башкы негизи** болуп активдүү издөө, божомолдоо, ой жүгүртүү жагдайлары, ой жүгүртүү чыңалуусу, пикир келишпестик

жагдайлары саналат, аларды аныктап, чечим кабыл алуу, белгилүү бир көз карашка туруу зарыл. Сабакты окуучулардын өнүгүүсүнүн оптималдуу деңгээлинде өткөрүү: мугалимдер ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек. Активдүү ой жүгүртүүнү сактап, чечим издөөгө жана талдоого түрткү болот.

Педагог катары таанып билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүү үчүн, өнүгүүнүн каражаттарын жана методдорун издөө үчүн ар бир окуучунун ишине дайыма көз салып, талдап, кайсы деңгээлде экенин түшүнүү зарыл.

Кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусунун өнүгүшүнүн моделин түзөлүк.



**1-сүрөт.** ***Кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусунун өнүгүшүнүн модели.***

**Таанып билүүчүлүк кызыкчылыктын өнүгүшү эки багытта болушу мүмкүн:** окуу предметтеринин мазмуну аркылуу жана таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктүн белгилүү бир уюштурулушу аркылуу.

**Таанып билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүүнүн эң кеңири таралган ыкмалары:**

**1. Проблемалык окутуу**. Проблемалык окутуу окуучулардын таанып билүү кызыкчылыктарын калыптандырууга мүмкүндүк берет. Көйгөйлүү турмуштук кырдаалдарды колдонуу: практикалык турмуштук мисалдар окуучуларга математиканын практикалык пайдасын көрүүгө жардам берет.

**2. Математика сабагында оюн технологиясын колдонуу.** К. Д. Ушинский билим алуу процесси жемиштүү болушу үчүн окуучулардын окуу ишине ишмердүүлүктүн элементтерин, оюн учурларын кошууга кеңеш берген. Окутуунун оюн формаларын колдонуу: атаандаштык элементтери бар оюндар жана тапшырмалар математиканы үйрөнүүнү кызыктуу кыла алат. Мисалы, математикалык табышмактар, сандар оюндары же геометриялык конструкциялар.

Математика сабагында оюн процессинде окуучулар ар кандай көнүгүүлөрдү өздөрү байкабай аткарышат, мында көптүктөрдү салыштыруу, арифметикалык амалдарды аткаруу, оозеки эсеп боюнча машыгуу, маселелерди чыгаруу керек. Оюн окуучуну жеңишке болгон кызыгууну ойготот, ылдам, жыйнактуу, шамдагай, тапкыч болууга, тапшырмаларды так аткара билүүгө жана изденүүчүлүккө шарт түзөт. Кенже окуучулар үчүн оюн таанып билүүчүлүк кызыгууну натыйжалуу калыптандыруунун негизги каражаты болуп эсептелет. Оюн баланы маалымат издөөгө үндөйт, жеңишке болгон кызыгууну ойготот, демек, бала тез, тапкыч жана топтолгон болууга умтулат. Ошондуктан, дидактикалык оюн баланын таанып билүү кызыгуусун өнүктүрөт жана аны таанып билүү ишмердүүлүгүнө активдештирет [7]. Мисал катары төмөнкү математикалык оюндарды колдонууга болот:

- **“Математикалык оор атлетика"** мында окуучулар өздөрүнүн дареметине жараша гиряны көтөрүшөт. Ар бир гирянын артында салмакка жараша маселелер жазылат;
- **"Математикалык чынжырлар"**: белгилүү эрежелер менен сандардын чынжырларын түзүү;
- **"Ким алдыда".** Окуучулар командага бөлүнөт, жана карточка боюнча тез чыгарганга аракет жасашат;
- **“Математикалык эстефета”;**
- **"Блок – схема".** Окуучулар катылган тапшырмаларды чыгара башташат. Эгерде туура чыгарышса, анда өйдө жылышат, ал эми туура эмес чыгарышса, анда кайтала деген тапшырманы аткарышат;
- **Сынактар жана оюндар:** "математика олимпиадасы", "тез жана оозеки эсептөө", “математика тапшырмасы "[6];
- **Кызыктуу фактылар:** балдарга сандар, геометрия же математикалык генийлер жөнүндө кызыктуу фактыларды айтып берүү.
- **Терминологиялык диктанттар:** математикалык түшүнүктөрдү жана терминдерди бекемдөөгө жардам берет;
- **Сөз оюндары:** теориялык математикалык маалыматтарды кабыл алууну жеңилдетип, терминдердин маанисин өздөштүрүүгө жардам берет жана ушул сыяктуу оюндар [1].

**3. Башталгыч мектепте математиканы натыйжалуу өздөштүрүү үчүн практикалык багыттуулугун күчөтүү.** Ал иштин ар кандай тармактарында математика ролун көрүүгө жардам берет. Колдонуу багытын ишке ашыруу үчүн практикалык мүнөздөгү милдеттерди колдонуу маанилүү.

4. **Маалыматтык технологияларды (МКТ) колдонуу:** компьютердик программаларды, интерактивдүү тапшырмаларды жана онлайн ресурстарды колдонуу математиканы үйрөнүүнү кызыктуу жана жеткиликтүү кыла алат. Окутуунун салттуу формасына салыштырмалуу таанып билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүү жана заманбап компьютердик технологияларды колдонуу ыкмаларын колдонуу менен окутуу бир катар артыкчылыктарга ээ:

- окуу мотивациясы жогорулайт, жогорку натыйжаларга жетишилет;
- окуу предметтерине кызыгуу жана чыгармачылык жигердүүлүк менен мамиле кылган окуучулардын саны көбөёт;
- мектеп окуучуларынын өзүнө жана өзүнүн билимине карата активдүү позициясы калыптанат [5].

5. **Ийгилик, эмоционалдык жана адеп-ахлактык кырдаалды түзүү ыкмасы.**

**6. Долбоор ыкмасы.**

**7. Чыгармачыл ыкмаларды колдонуу.**

Биз башталгыч мектеп жашындагы окуучулардын билим берүү жана таанып-билүү ишмердүүлүктүн жетектөөчү компоненттерин карап чыктык, бул алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө алып келет.

**Кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусунун калыптанышынын көрсөткүчтөрү:**

- ар кандай окуу тапшырмаларын аткарууга даярдык;
- таанып билүү тапшырмаларын чечүүгө демилгени, өз алдынчалыкты, кызыгууну жана каалоону көрсөтөт;
- кыйынчылык болгон учурда алаксыбайт, натыйжага жетүүдө туруктуулукту көрсөтөт;
- өзүнүн жеке деңгээлин жогорулатууга умтулат, окуу жетишкендиктерине кубаныч жана сыймыктануу сезимин сезет;
- тема боюнча кошумча адабияттарды окуйт;
- предмет боюнча сабактан тышкаркы, ийримдик иштерге катышат.

Таанып билүүчүлүк кызыгуу жаңы материалды бекемдейт, таң калтырат. Кенже окуучу таң калуу менен алдыга көз чаптыргысы келет. Балдар ойноочу учурлар менен сабактарга жана эмоционалдык материал басымдуулук кылган сабактарга тартылышат.

Кенже окуучулардын таанып билүүчүлүк кызыгуусун арттыруу менен биз алардын ийгиликтүү окуусуна жана келечек үчүн маанилүү сапаттарынын калыптанышына салым кошобуз.

**Колдонулган адабияттар:**

**1.** *Акири И.К.* Интеллектуальные игры на уроках математики. Математика в школе. 2000, № 5, – С.8.

**2.** Волкова С.И., Столярова Н.Н. Развитие познавательных способностей детей на уроках математики. // Начальная школа. 1992. № 7-8.

**3.** Занков, Л.В. Избранные педагогические труды [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://www.studmed.ru/zankov-lv-izbrannye-pedagogicheskie-trudy-besedy-suchitelyami_bd5229a5fb5.html
**4.** Мобильное электронное образование [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://edu.mob-edu.ru
**5.** Соколова, Т.Е. Воспитание познавательных интересов младших школьников средствами новых информационных технологий. / Т.Е.Соколова. // Начальная школа. – 2009. – №3. – С. 21-23.
**6.** Сорокин П. И. Занимательные задачи по математике в начальных классах. – М.: 1985г.
**7.** Теоретические подходы развития познавательного интереса младших школьников [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://infourok.ru/teoreticheskie-podhodyrazvitiya-poznavatelnogo-interesa-u-mladshih-shkolnikov
8. Щукина Г.И. Педагогические проблемы формирования познавательных интересов учащихся. – М., Педагогика, 1988.
**9.** Щукина Г.И. Активизация познавательной деятельности учащихся в образовательном процессе / Г.И. Щукина. – Москва: НОРМАИНФРА, 2009. – С.160.
**10.** Щукина Г.И. Формирование познавательных интересов школьников. Л., 1968.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Шайланова М.М.**